**«Ата үйү»**

Сөзү: Жакшылыков Асан

Обону: Курманова Наргиза

Айылдын даамы таттуу тузу башка

Ата эне курган үйдүн куту башка

Ал үйдө бала бойдон кала берем

Мен өзүм барган менен ушул жашка

Жөнөкөй үй сезилер башка жанга

Эски үй деп эч убакта айтпагыла

Эски эмес тээ эзелки болсо дагы

Жүргөнсүйт алигиче атам анда

Кайырма

Ата үйү жүрөгүмө кубат берген

Ал үйдө мен төрөлүп

Бешике мен бөлөнүп

Кайрылып балалыка бара албаймын

Жашоодо ата энесиз жаралбаймын

Бул үйдөй кымбат ыйык жайды

Дүйнөнү миң кыдырып таба албаймын

Кайырма

Ата үйү жүрөгүмө кубат берген

Жашоомду нурланткан

Ал үйдө мен төрөлүп

Мээримге мен бөлөнүп

Ал үйдө мен төрөлүп

Бакытка мен бөлөнүп